**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ жана ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжи**

**БЕКИТЕМИН**
Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин директору
____________ Б.М.Осмонова
«4» 09 2025-ж

# «ДҮЙНӨНҮН ТАРЫХЫ» ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

**Чет тили жана компьютердик системаларда программалоо, мейманканаларда жана туристтик комлекстерде тейлөөнү уюштуруу, колдонмо информатика багыттары боюнча даярдалды**

Окуу формасы: күндүзгү

НАРЫН-2025

«Дүйнөнүн тарыхы» предмети орто кесиптик билим берүү базасынын жалпы билим берүү дисциплиналары бөлүгүндө жайгашкан.

Программаны иштеп чыккан: окутуучу Кадырова Ж.С.

Жалпы билим берүү циклдик комиссиясынын 2025-ж. «1» 09 отурумунун негизинде № 1 протоколу менен каралды.

Циклдик комиссиянын жетекчиси: ________________________ Үсеналиева Г.С.

Методикалык кеңеште жактырылды.

Протокол № 1 «2» 09 2025-ж.

Методикалык кенештин төрайымы: ________________ Турдубек кызы Мунара

1. **Аннотация**

Дүйнөнүн тарыхы дисциплинасы дүйнө элдеринин тарыхый басып өткөн жолун, урунттуу окуяларын, коңшу элдер менен саясий экономикалык байланыштарын окутат.

Дүйнөнүн тарыхы дисциплинасы окуу пландын жалпы билим берүү циклинин базалык бөлүгүндө жайгашкан

**Сабактын жалпы көлөмү.**

| Сабактын коду | Семестр | кредит | Баардык саттар | аудиториялык | | жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | лекция | семинар | |
| ЖББ 1.7 | 1 | | 40 | 30 | 10 | Зач |

**2. Сабакты өздөштүрүүнүн максаты.**

Дүйнө тарыхы XIX кылымдын ортосунан биздин күндөргө чейинки дүйнө элдеринин тарыхы, мамлекеттик түзүлүшү, маданияты, урунттуу учурлары, дүйно жүзүндө жайгашкан орду, дүйнөлүк цивилизацияда орду, илимий-техникалык прогресстин өнүгүшүндө тийгизген таасири, эл аралык мамилелерде катыштыгы, дүйнөлүк коопсуздукта таасири, эл аралык уюмдарда өз ара мамилелерин түшүндүрүү маселелерин камтыйт.

**Маселеси:**

- Дүйнө тарыхын окутуу аркылуу студентин дүйнө элдеринин тарыхын, мамлекеттик түзүлүшүн, маданиятын, урунттуу учурларын, дүйно жүзүндө жайгашкан орду, дүйнөлүк цивилизацияда орду, илимий-техникалык прогресстин өнүгүшүндө тийгизген таасири, эл аралык мамилелерде катыштыгы, дүйнөлүк коопсуздукта таасири, эл аралык уюмдарда өз ара мамилелерин таанытуу менен Ата Мекендик тарыхыбыздын баалуулуктарынын маанисин түшүндүрүү.
- Окутуу аркылуу дүйнө элдеринин жер шарында географиялык жайгашуусун, чектешкен аймактарын, дүйнөлүк өнүгүү жолунда өз ара байланыштыгын, кошкон салымдарын, дүнөлүк коопсуздук, тынчтык, экономика байланыштарын өз билимдик көз караштa түшүнүүсүнө жеткирүү

**3. Сабактын Негизги билим берүү прграммасынын (НББП) түзүмүндөгү орду**

3.1 Бул сабакты өздөштүрүш үчүн төмөндөгүдөй компетенцияларга ээболушу зарыл

| **коду** | **Сабактын аты** | **Семестр** | **Сааты** | **Ээ болгон компетенциялары** |
|---|---|---|---|---|
| **ОД1** | Адам жана коом | 1 | 1 | **ЖК1 СЖК1** |
| **ОО14** | География | 2 | 2 | **ПК26** |

**Дүйнө тарыхы боюнча окутуунун натыйжалары-**

* дүйнө элдеринин тарыхын билет
* картада саясий ордун билет
* дүйнө элдеринин саясий өзгөрүүлөрдүн бири-бирине таасирин түшүнөт
* Дүйнөлүк тархтагы окуяларды Ата-Мекендик тарыхта урунттуу окуяларга салыштырат, байланыштырат

- кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана алат

**3.2.Бул сабактарды өздөштүргөндөн кийин студент төмөндөгүдөй компитенцияларды өздөштүргөнгө мүмкүнчүлүк алат.**

| код | Компетенциянын аталышы | Компетенциянын түзүүчүлөрү | |
|---|---|---|---|
| **Мектептик компонент** | Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк - өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этностук, кесиптик, инсандык) баалуулуктарына урмат менен мамиле кылуунун негизинде цивилизациялуу коргоп калуу. Маектешүүдө зарыл маалымат алууга даярдык жана аны жеке, социалдык жана кесиптик маселелерди чечүү үчүн оозеки жана жазуу жүзүндө билдирүү. Милдеттерди чечүү үчүн башка адамдардын ресурстарын жана социалдык институттарды пайдаланууга мүмкүндүк берет. | Билүүсү | Дүйнө тарыхын окутуу аркылуу студентин дүйнө элдеринин тарыхын, мамлекеттик түзүлүшүн, маданиятын, урунттуу учурларын, дүйно жүзүндө жайгашкан орду, дүйнөлүк цивилизацияда орду, илимий-техникалык прогресстин өнүгүшүндө тийгизген таасири, эл аралык мамилелерде катыштыгы, дүйнөлүк коопсуздукта таасири, эл аралык уюмдарда өз ара мамилелерин (диний, этностук, кесиптик, инсандык) таанытуу менен Ата Мекендик тарыхыбыздын баалуулуктарынын маанисин билет. |
| | | жөндөмдүүлүгү | Адамзаттын тарыхы, дүйнөлүк тарыхый жалпы процессте өзгөчө түшүнүктөр жөнүндө комплекстүү билимдерин өздөштүрөт |
| | | Ээ болуусу | Адамзаттын тарыхы, дүйнөлүк тарыхый жалпы процессте өзгөчө түшүнүктөр жөнүндө комплекстүү билимдерге ээ болот. |
| | "Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү" компетенттүүлүгү - маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга болгон даярдык.. | Билүүсү | Тарыхый булактар, адабияттар менен иштей алат, тарыхый окуяларды талдай алат, өз алдынча уюштурат жана көйгөйлөрдү чечет, тарыхый окуяларга баа берет. |
| | | жөндөмдүүлүгү | Тарыхый булактар, адабияттар менен иштей билүүгө, тарыхый окуяларды талдай билүүгө, тарыхый окуяларга баа берүү менен маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү болот. |
| | | Ээ болуусу | Тарыхый булактар менен иштөө, тарыхый тематика боюнча докменталдуу базаны талдоо, ар түрдүү тарыхый божомолдоолорду баалоо менен маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу көндүмүнө ээ болот. |

**4. Сабактын мазмуну жана структурасы**

| № | Окуу иштеринин түрү | Сааттын көлөмү |
|---|---|---|
| 1 | Окуу жүктөмү (бардыгы) | 40 |
| 2 | Аудиториялык жүктөм | **40** |
| 3 | Лекция<br><br>Семинардык саат | 30<br><br>10 |

**5. Сабактын тематикалык планы жана мазмуну.**

| № | **Теманын аталышы** | **Сабактын кыскача мазмуну** | **сааты** | **Билим берүү технологиясы** | **Жетишкендикти текшерүү формасы** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1-глава Дуйнонун алдынкы олколору XIXк. экинчи жарымында- XXк. башында** | | | | | |
| 1 | **Лекция № 1**<br>XIXк. экинчи жарымында- XXк. башындагы Европа олколорундогу социалдык-экономикалык жана саясий озгоруулор, алардын тышкы саясатка тийгизген таасири | Италия бириктирилиши.<br>Ж. Гарибальди<br>Германияны бириктирүүдө Отто фон Бисмарк ролу<br>XIX к. илимий-техникалык прогресс<br>Илимий-техникалык төңкөрүш эмнеге алып келди<br>монополиялар түзүлүшү. | **2** | Салттуу технология | XIXк. экинчи жарымында- XXк. башындагы Европа олколорундогу социалдык-экономикалык жана саясий озгоруулор, алардын тышкы саясатка |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | **Лекция № 2**<br><br>Жумушчу жана социалисттик кыймыл | Жумушчулардын социалдык укуктары үчүн күрөшү<br>Өнөр жай төңкөрүшүнүн башталышы<br>Париж Коммунасы<br>1- Интернационал,2 Интернационал<br>Эл аралык социалисттик кыймылда агымдар | **2** | Салттуу технология | тийгизген таасири түшүнөт,<br>Жумушчу жана социалисттик кыймылынын чыгыш себептерин билет. |
| 3 | **Семинардык саат№1** | 1.XIXк. экинчи жарымында- XXк. башындагы Европа олколорундогу агартуу иштери<br>2. Социалисттик кыймылдын көрүнүктүү өкүлдөрү<br>3.Эл аралык социалисттик кыймылда кандай агымдар болгон?<br>4. К.Маркс, Ф.Энгельс тарыхта орду | **2** | Салттуу технология | XIXк. экинчи жарымында- XXк. башындагы Европа олколорундогу агартуу иштерин,Социалисттик кыймылдын көрүнүктүү өкүлдөрүн,эл аралык социалисттик кыймылда кандай агымдар болгонун,<br>4. К.Маркс, Ф.Энгельс тарыхта ордун билет |
| 4 | **Лекция № 3**<br><br>Дин жана диний турмуш.<br><br>Европалык маданият | Христиан дини жана анын бутактары.<br>Папа ЛевХШ «Рерум Новарум» энцикпикасы.<br>Православие жана протестант диндери жаңы шарттары<br>Чиркөөнү мамлекеттен бөлүү жөнүндөгү алгачкы мыйзамы. Ватикан собору<br>Европалык маданият.<br>Илимдин өнүгүшү.Адабият жана коомдук илимдер.<br>Живопись. | **2** | Интерактив дүү метод.<br>Слайд, интернет маалыматтары,<br>сүрөттөр | Дин жана диний турмуш, анын булактарын, Европалык маданият, чиркөөнүн мамлекеттеги ордун түшүнөт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | **Лекция № 4**<br><br>XIXк. экинчи жарымында- XXк. башындагы аскердик саясий блоктор жана союздар | 1853—1856-жж. Чыгыш согушу жана Вена системасыньш кыйрашы.<br>Үчтүктөр союзу.<br>Франк-орус келишими.<br>Антанта блогу.<br>XX к. башында Европада дүйнөлүк биринчи согушка алып келүүчү кандай жаңжалдар | **2** | Интерактивдүү метод. Слайд, интернет маалыматтары, сүрөттөр | XIXк. экинчи жарымында- XXк. башындагы аскердик саясий блоктор жана союздардын түзүлүшүнүн себептерин билет, дүйнөлүк саясатта |
| | **2-глава Падышалык Россия: феодалдык монархиядан буржуазиялык республикага** | | | | |
| 12 | **Семинардык саат № 2**<br><br>Падышалык Россиядагы улуу реформалар. Падыша бийлигинин кулашы | Ички саясий багыттагы «жылуулук».<br>Александр И нин доору,<br>Улуу реформалар доору<br>XIX к. 50-60-жж. «кайра куруу» жана «маалымдык»<br>Крепостнойлук укук<br>Императордук титулга өзгөртүүлөр киргизилиши | **2** | Салттуу технология | Падышалык Россиядагы улуу реформалар, анын себептерин, Падыша бийлигинин кулашы, себептерин түшүнөт |
| | **3-глава Славян олколору** | | | | |
| 16 | **Лекция № 5**<br><br>Славян олколору улуттук коз карандысыздык учун курош | Көз карандысыз Польша мамлекетинин тузулушу.<br>2. Эски чехтер деген кимдер, жаңы чехтер деген кимдер?<br>3. Чехословакия мамлекети качан жана кандай шартта түзүлгөн?<br>4. Балкандагы кандай окуялар дүйнөлүк биринчи согуштун чыгышына себеп болгон?<br>5. Түштүк славяндык комитеттин мааниси эмнеде?<br>6. Болгария эмне себептен Германия тарапта согушкан? | **2** | Салттуу технология | Славян олколору улуттук коз карандысыздык учун курош, кимдерге каршы болгонун, натыйжасын билет |
| | **4-глава Дүйнөлүк согуштар** | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 21 | **Лекция № 6**<br>Дуйнолук биринчи согуш | Согуштун чыгыш себептери, жүрүшү, кесепеттери, Компьен жарашуусу, Париж конференциясы, Версаль тынчтык келишими,Вашнгтон конференциясы, жыйынтыгы | **2** | Интерактив дүү метод. Слайд, интернет маалыматта ры, сүрөттөр | Дуйнолук биринчи согуштун чыгыш себептерин, жүрүшүн, кесепеттерин, келишимдер жана алардын жыйынтыктарын билет. |
| 22 | **Лекция № 7**<br>Дуйнолук экинчи согуш | Экинчи дуйнолук согуштун башталышы.<br>Согуштун журушу<br>Компьен жарашуусу<br>Париж конференциясы<br>Версаль тынчтык келишими | **2** | Интерактив дүү метод. Слайд, интернет маалыматта ры, сүрөттөр | Дуйнолук экинчи согуш согуштун чыгыш себептерин, жүрүшүн, кесепеттерин, жыйынтыгын, келишимдер жана алардын жыйынтыктарын билет. |
| | **5-глава Чыгыш жана Борбордук Азия олколору** | | | | |
| 24 | **Лекция № 8**<br>Монголия.<br>Кытай | Монголия. Маанилуу тарыхый окуялар Маданияты.<br>Кытай дөөлөтү жана анын тарыхындагы урунттуу учурлар<br>Кытай Эл Республикасынын түзүлүшү | **2** | Салттуу технология | Монголия. Маанилуу тарыхый окуялар Маданияты. Кытай дөөлөтү жана анын тарыхындагы урунттуу учурлар Кытай Эл Республикасынын түзүлүшүн, дүйнөдө жайгашкан ордун билет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 37 | **Семинардык саат № 4**<br><br>Сирия.Ирак. Сауд Арабстаны | 1. Сирия.<br>2. Ирак.<br>Тарыхы, маданияты | **2** | **Суроо-жооп** | Сирия.Ирак. Сауд Арабстаны маанилүү тарыхый окуялары Маданиятын, дүйнөдө жайгашкан ордун билет |
| | **8-глава Туштук Азия олколору** | | | | |
| 45 | **Лекция № 12**<br><br>Индия. Пакистан. Бангладеш | 1. Индия.<br>2. Пакистан<br>3. Бангладеш<br>Тарыхы, маданияты, дүйнө бөлүгүндө орду | 2 | Салттуу технология | Индия. Пакистан. Бангладеш маанилүү тарыхый окуялары Маданиятын, дүйнөдө жайгашкан ордун билет |
| | **9-глава Африка жана Латын Америкасы** | | | | |
| 49 | **Семинардык саат № 5**<br><br>Африка жана Латын Америкасы | **1.** Колониялык Африка<br>**2.** Латын Америка<br>Тарыхы, маданияты | **2** | **Суроо-жооп** | Африка жана Латын Америкасы маанилүү тарыхый окуялары Маданиятын, дүйнөдө жайгашкан ордун билет |
| | **10-глава Дуйнолук социалисттик система** | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 54 | **Лекция № 13**<br>Дуйнолук социалисттик система.<br>Совет мамлекетинин туптолушу, онугушу жана тарашы | Дүйнөлүк социалисттик системанын түзүлүшү СЭВдин тузулушу. Дуйнолук социалисттик системанын ички карама-каршылыктары. СССРдин кулашы. | **4** | Салттуу технология | Дүйнөлүк социалисттик системанын түзүлүшү СЭВдин тузулушу. Дуйнолук социалисттик системанын ички карама-каршылыктары. СССРдин кулашынын себептерин түшүнөт |
| | **11-глава Сонку дуйнолук онугуу** | | | | |
| 55 | **Лекция № 14**<br>XXк. дуйнолук экономикалык кризистер. Учунчу илимий-техникалык революция | 1974-1975-жж. Экономикалык кризис. Структуралык кризистер. Азыркы илимий-техникалык революциянын этабы. ИТРдин натыйжасы. Постиндустриялык цивилизацияга отуу. | **2** | Салттуу технология | 1974-1975-жж. Экономикалык кризис, себептерин, Структуралык кризистер, себептерин, чыгуунун жолдорун, Азыркы илимий-техникалык революциянын этабы. ИТРдин натыйжасы. Постиндустриялык цивилизацияга өтуу жолдрун билет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 58 | **Лекция № 15**<br>Сонку мезгилдеги эл аралык мамилелер | «Кансыз согуштун» бүтүшү.<br>Батыш Европа олколорунун мамилелери. Париж конференциясы.<br>НАТОнун куч алышы<br>Бириккен Улуттар Уюмунун жана башка эл аралык уюмдардын ишмердиги. | 2 | Салттуу технология | Кансыз согуштун» саясаты, жүрүшү, кесепеттери, бүтүшү.<br>Батыш Европа олколорунун мамилелери. Париж конференциясы.<br>НАТОнун куч алышы<br>Бириккен Улуттар Уюмунун жана башка эл аралык уюмдардын ишмердигин түшүнөт |
| | **Бардыгы** | 40 | | | |
| | **Лекция** | 30 | | | |
| | **Семинардык саат** | 10 | | | |

***9.Студенттердин жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары***

Студенттердин билимин баалоодо инсанга багытталган мамиле колдонулуп, алардын өнүгүшүнүн, керектөөлөрүнүн жана жөндөмдүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өзгөчөлүктөрү эске алынат. Баалоо жекече окуп-үйрөнүүнү өнүктүрүүгө, өзүн-өзү сыйлай билүүгө, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн андап-түшүнүүгө көмөк көрсөтөт. Бул үчүн баалоонун ар түрдүү формалары жана методдору колдонулат.

**Баалоонун негизги принциптери**

Баалоонун системасын иштеп чыгууда төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алуу зарыл:

- **Обьективдүүлүк.** Обьективдүүлүк принциби бардык окуучулар окшош шарттарда бирдей текшерүүлөргө кабылышын талап кылат. Маалыматтарды иштетүүнүн обьективтүүлүгү окуучуга да мугалимге да белгилүү болгон баа берүүнүн так, ачык ченөлчөмдөрүн болжолдойт. Баалоо класстагы жагымдуу атмосферанын шартында жүргүзүлүүгө тийиш.
- **Ачыктык** баалоонун чен - өлчөмдөрү (критерийлери) менен формалары окуучуларга күн мурунтан белгилүү болуусун талап кылат. Окуучулар эмне жана кантип бааланарын билиши керек, мында алар баалоонун чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгууга катыша алышат.
- **Ишенимдүүлүк** – бул педагогикалык ченөөнүн так даражасы. Эгер ошол эле касиеттин кайталап текшерүүсү ошондой эле жыйынтыкты берсе, ишенимдүү болуп саналат.
- **Валиддүүлүк** же баалоо методунун шексиздиги, ал чынында эле өлчөнүүгө тийиш болгон нерсе же башка нерсе өлчөнүп жатканын көрсөтөт.

***Баалоонун функциялары:***

- Багыттоочу – студенттин акыл эмгегине таасир этүүчү.
- Стимул берүүчү – студенттин мындан ары ишмердүүлүгүн аныктооч.
- Тарбиялоочу – студенттин жүрүш-турушуна таасир этүүчү.

**Баалоонун түрлөрү жана методдору**

Кыргыз Республикасында орто кесиптик окуу жайлары үчүн Мамлекетик билим берүү стандартында баалоонун үч түрү белгиленген: алдын алуу (диагностикалык), калыптандыруучу (формативдик) жана жыйынтыктоочу (суммативдик).

**Алдын алуу (диагностикалык) баалоо** окуу жылынын / ар бир циклдин башында кийинки прогрессти баалоо үчүн жүргүзүлөт: окутуучу окуу жылынын ичинде студенттин компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** – окуу жараянынын жүрүшүндө аткарган ишмердүүлүктүн түрлөрүнө (топтук, оозеки, жазуу) карап окуучуну баалап баруу. Калыптандыруучу (формативдик) баалоонун максаттарын студенттердин материалды өздөштүрүүсүнүн ийгиликтүүлүгүн жана жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле студенттердин ийгиликке жетишүүсү үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу түзөт. Студенттин жөндөмдүлүктөрүнүн деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат. Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо студенттердин өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алынып, студенттердин жетишкендиктерине жана прогрессине көңүл бурулат. Журналга баа зарылдыгына жараша коюлат, окутуучу студенттердин жеке прогрессине өздүк байкоолорун белгилеп түшүрөт.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** – семестрдин, окуу жылынын аягында студенттин жыл бою окуу процессине катышкан ишмердүүлүгүн жыйынтыктоочу баалоо. Мындай баалоо окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжаларга студенттин жетүү даражасын аныктоо үчүн колдонулат. Жалпысынан, баалоодо студенттердин билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн текшерүүнүн төмөндөгү **методдору** колдонулат:

– текшерүнүн оозеки түрлөрү (сурамжылоо, суроолорго оозеки жооп берүү, оозеки текшерүү иши ж.б.),

– текшерүнүн жазуу жүзүндөгү түрлөрү (модуль, студенттин өз алдынча иши, текшерүү иши, тематикалык реферат, тесттердин ар кыл түрлөрү).

– текшерүүнүн практикалык түрлөрү (практикалык иш, эксперименталдык иш ж.б.).
**Студенттердин билимин баалоо чен-өлчөмдөрү (критерийлери)**
Билим берүүнүн натыйжалары жана көрсөткүчтөрү боюнча студенттердин билимдерин баалоо чен-өлчөмдөрү 1-2-3-курстардын өтүлүүчү материалынын үлгүсү (7-таблицаны караңыз) келтирилген.

**7-таблица**

| Күтүлүүчү натыйжалар | Көрсөткүчтөр (индикатор) | Баалоо чен-өлчөмдөрү |
|---|---|---|
| **10.1.1.1.**<br>• Окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырат (10 жана андан көп мисалда);<br>• картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп берет (картадан 6 жана андан көп). | *Натыйжага жете алат, эгерде окуучу:*<br>• окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырып айтып беришсе;<br>• картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп беришсе;<br>• чен-өлчөмдөргө ылайык өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын баалай алса;<br>• өзүнүн ишмердүүлүгүн талдай алса (же рефлексия жүргүзө алса). | • өз алдынча маалыматты талдоо менен окуялардын хронологиялык мезгилин тарыхый тилде баяндайт;<br>• окуп-үйрөнүлгөн материалдын негизинде окуяны мезгили менен салыштырып айтып бере алат;<br>• картаны пайдалануу менен окуялар болгон жерлерди тактап көрсөтүп берет;<br>• долбоордук изилдөөнүн негизинде цивилизациянын өнүгүү баскычтарын тактап беришет;<br>• окуп-үйрөнүлгөн маалыматтын негизинде цивилизация жана мамлекеттердин өнүгүшүнө байкоо жүргүзөт, жыйынтыктайт жана жайгашкан жерлерин картадан тактап берет;<br>• башка булактардан алынган тарыхый маалыматтардын жана окуп-үйрөнүлгөн материалдардын негизинде долбоордук иштин аткаруусуна катышат. |

Тема боюнча билимдерди текшерүү жана көзөмөлдөө учурунда тарых мугалими тизмеден тандалган окуу китеби жана «Кыргызстан тарыхы жана дүйнөлүк тарых» предметтик стандартынын талаптарына ылайык, баскычтарга карата баалайт. 8-таблицада окуучулардын негизги жана предметтик компетенцияларын баалоо деңгээлдери көрсөтүлгөн:
I деңгээл (репродуктивдүү);
II деңгээл (продуктивдүү);
III деңгээл (креативдүү).

**8 - таблица**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1.Тарыхый мезгил жана мейкиндик | 1. Тарыхый сабаттуулук | **10.1.1.1.**<br>Окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырып айтып берет;<br>Картанын жардамы менен цивилизациялардын | **I**<br>***Репродуктивдик*** | *Мугалимдин жетекчилиги жана берилген алгоритм боюнча:*<br>– керектүү маалымат булактарын өз алдынча тандашат;<br>– негизги |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп берет. | | окуяларды тарыхый булактардан издеп, талдап, маалыматтын негиздүүлөрүн аныктташат;<br>– цивилизациялар жана мамлекеттердин жайгашуу орду боюнча маалымат топтошот. |
| II *Продуктивдик* | – алынган маалыматтарды кайра иштеп чыгуу менен окуяларды белгилүү мезгил менен салыштырышат;<br>– картанын жардамы менен цивилизациялардын жана мамлекеттердин жайгашкан жерлерин көрсөтүп беришет. | | | |
| III *Креативдик (конструктивдик)* | – маалыматтарды талдоо менен цивилизациялар жана мамлекеттер жөнүндө долбоор түзүшөт. | | | |

***9.Философия  предмети боюнча студенттердин билиминбаалоонун чен - өлчөмдөрү***

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. терең жана толук билимин, программалык материалдын бардык көлөмүн түшүнгөнүн, каралып жаткан түшүнүктөрдүн, кубулуштардын жана мыйзамченемдүүлүктөрдүн өз ара байланыштардын маңызын толук түшүнгөнүн көрсөтсө;
2. окулган материалдын негизинде толук жана туура жооп түзө алса;
3. негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алса, жооп берүүдө өз алдынча мисалдар, фактылар менен тастыктаса;
4. предмет аралык (мурда алган билимдердин негизинде) жана предмет ичиндеги байланышты коё алса, тааныш эмес кырдаалда алган билимдерди чыгармачылык менен колдоно алса;
5. жекече жыйынтык чыгара алса;
6. негизги мыйзам, түшүнүк, теориялардын түшүндүрмөсүн жана так аныктамасын айта алса;
7. жооп берүүдө китептеги сүйлөмдү сөзмө-сөз кайталабаса;
8. алган билимин чыгармачылык деңгээлде көйгөйлөрдү чечүүдө ишенимдүү жана катасыз, өз алдынча колдонсо;
9. бир ката кетирсе, аны мугалимдин талабы боюнча жеңил ондой алса;

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. программалык материалдын баары боюнча билимин көрсөтсө;
2. окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде толук жана так жооп берсе;
3. өтүлгөн материалды кайра айтып берүүдө билинбеген ката кетирсе;
4. материалды белгилүү логикалык ырааттуулукта бере алат, ушул жерден бир одоно эмес ката, экиден аз байкабастыктарды кетирип, бирок аларды мугалимдин чоң эмес жардамы менен же талабы боюнча өз алдынча кайра ондой алса;
5. негизинен окуу материалын өздөштүрүп, жоопторду конкреттүү мисалдар менен тастыктаса;
6. мугалимдин кошумча суроолоруна туура жооп берсе;
7. өтүлгөн материалдан негизги жоболорду өз алдынча бөлүп көрсөтө алса;
8. фактылардын жана мисалдардын негизинде жалпылап, жыйынтык жасап, предмет ичиндеги байланышты көрсөтө алса;
9. алынган билимди практикада өзгөрүлгөн абалда колдоно алса.

***"3" баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. окулган материалдын негизги мазмунун өздөштүрсө; программалык материалды кийинки өздөштүрүүгө тоскоол болбогон материалдарды өздөштүрүүдө мүчүлүштүктөрү бар болсо;
33
2. материалды баш аламан, кээ бир бөлүктөрүн гана, ирети жок айтып берсе;
3. кээ бир билимдеринин жана билгичтиктеринин жеткиликсиз калыптангандыгын көрсөтсө;
4. жыйынтыктарды жана жалпылоолорду начар далилдесе, аларда каталарды кетирсе;
5. илимий терминдерди пайдаланууда так эмес айтса жана ката кетирсе, түшүнүктөргө так эмес аныктама берсе;
6. байкоолордон, тажрыйбалардан далил катары жыйынтыктарды жана жалпылоолорду пайдаланбаса же колдонууда каталарды кетирсе;
7. түрдүү маселелерди чыгаруу үчүн керек болгон билимдерди колдонууда, теория жана мыйзамдардын негизинде конкреттүү кубулуштарды түшүндүрүүдө же теорияларды практикалык колдонууда конкреттүү мисалдарды тастыктоодо кыйналса;
8. мугалимдин суроолоруна толук эмес (негизгисин калтыруу менен) жооп берсе, же китептеги текстти кайталап айтып берсе, бирок ушул текстте маанилүү болгон кээ бир жоболорун жеткиликсиз түшүнбөсө;

9. китептен (жазуулардан, биринчи булактардан) текстти кайра айтып берүүдө кээ бир жоболордун маанисин жеткиликтүү эмес түшүнсө же мугалимдин суроолоруна бир-эки одоно ката кетирип, толук эмес жооп берсе.

*"2" баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. материлдын негизги мазмунун ачпаса жана өздөштүрбөсө;
2. жыйынтыктарды жана жалпылоолорду жасай албаса;
3. берилген суроолордун чегинде программалык материалдын орчундуу же негизги бөлүгүн билбесе жана түшүнбөсө;
4. начар калыптанган жана толук эмес билимдери болсо жана коюлган конкреттүү суроолорго аларды колдоно албаса;
5. (бир суроого) жооп берүүдө экиден ашык одоно ката кетирсе, аны мугалимдин жардамы менен дагы оңдой албаса.

*"1" баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. коюлган бир дагы суроого жооп бере албаса;
2. материалды толугу менен өздөштүрбөсө.

**1. Окуучулардын жазуу иштерин баалоонун чен-өлчөмдөрү**

*"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. жазууга коштогон оозеки кеп маданиятынын негизги эрежелерин сактай алса жана илимий терминдерди пайдалана алса;
2. окуу китеби, сурап-билүүчү адабият, биринчи булак (туура багыт алат, бирок жай иштейт) менен жеткиликсиз иштөө көндүмүнө ээ болсо;
3. жазуу иштерин жасалгалоодо одоно эмес каталарды кетирсе.
4. өз алдынча жана далилдүү талдоо, жалпылоо, жыйынтык жүргүзө алса;



5. окуу материалды так, байланыштуу, негиздүү жана катасыз айта алса; кабыл алынган терминологияларды пайдалануу менен жоопту логикалык ырааттуулукта бере алса;
6. материалды илимий адабий тил менен жазса;
7. жооптор менен коштолгон жазуулар, курал, чийме, схема жана графиктер талапка ылайыктуу болсо.

*"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. окуп-үйрөнгөн материалды жазууда билинбеген ката кетирсе;
2. жообунда өзүнүн жекече көз карашын билдире алса;
3. жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдонууда экиден аз каталыктарды кетирсе;
4. жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделсе;
5. жообунда окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөрдү колдонсо;
6. жообунда окуучу фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбасына негизденип, өзүнүн жекече көз карашын билдирсе;
7. жообунда далилдер келтирилсе.

*"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. окуп-үйрөнгөн материалды жазууда билинбеген ката кетирсе;
2. жооп берүүдө өзүнүн жекече көз карашын билдирүүдө мугалимдин жардамын колдонсо;
3. жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдонууда экиден аз каталыктарды кетирсе;
4. жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделсе;
5. жообунда окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөрдү колдонгондо каталарды кетирсе;
6. жообунда окуучу фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбасына негизденип, өзүнүн

жекече көз карашын билдирсе;
7. жообунда толук эмес аргументтерди келтирсе.
*"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*
1. жооп жок же туура эмес.

**2. Окуучулардын практикалык ишин баалоонун чен-өлчөмдөрү**

*"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*
1. тапшырма логикалык уланмалуулукта аткарылса;
2. тапшырмаларды аткарууда өз алдынча сунушталган булактарды тандап, аларды колдоно алса;
35
3. теориялык алган билимин, практикалык көндүм, ыкмаларды практикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алса;
4. чыгармачыл эмгектерин презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталары жок болсо;
5. тапшырманы аткарууда толук материал камтылса;
6. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын туура колдонсо;
7. техникалык жана стилистикалык каталары жок болсо.

*"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*
1. тапшырманы аткарууда толук материалды камтып, бирок, кээ бир жерлерине логикалык уланмалуулук сакталбаса;
2. маалымат булактарын колдонгон, бирок, иштин жыйынтыгын презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталар бар болсо.
3. тапшырманы аткарууда толук эмес материал камтылса;
4. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын кээде туура колдонбосо;
5. техникалык жана стилистикалык каталары кездешсе.

*"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*
1. тапшырма мугалимдин жардамы менен аткарылса же толук бүтпөй калгандыктан үйгө иштеп келүү үчүн берилсе;
2. материалды теориялык жакшы билгени менен практикалык түрдө аткара албаса;
3. тапшырманы аткарууда көп материал камтылбай калса;
4. маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын туура эмес колдонсо;
5. техникалык жана стилистикалык каталары көп кездешсе.

*"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*
1. аткарылган иш коюлган максатка туура келбесе;
2. материал начар өздөштүрүлсө;
3. мугалим жардамы менен дагы тапшырманы аткара албаса